Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын **«Жаш илимпоз»** ийриминин 2018-2019 – окуу жылына карата

# ОТЧЕТУ

Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын багыттарынын бири студенттерди илимий иш жаздыруу, илимий-изилдөөчүлүк компетенциясын жогорулатуу болуп саналат. Ушул багыттарды терендетүү максатында студенттер үчүн «Жаш илимпоз» ийрими 2018-2019-окуу жылында түзүлдү. 2018-жылы сентябрь айында ийримдин жобосу ийримдин жетекчиси тарабынан иштелип, кафедрада бекитилди.

Ийримге 1-2-3-курстун студенттеринин арасынан тандалып, ийримге мүчө болуп кабыл алынды. Ийримдин мүчөлөрү менен биргеликте ийримдин иш планы түзүлүп, иш план боюнча иш алып барылды.

Октябрь, февраль айларында ийримдин жыйналышы болду.



14-декабрь 1-2-курсттардын студенттери үчүн «Студенттердин өз алдынча иштерин калыптандыруунун жолдору» аттуу семинарды ийримдин жетекчиси Н.У.Масалиева өттү. Семинарда студенттердин өз алдынча иштерин жазуунун жолдоруна, СӨАИнин структурасы, планы, адабияттар кандай тартипте берилишине токтолду.






6-февралда 4-курсттун студенттери үчүн «Илимий иштин башаты – дипломдук иш» деген темада ийрим семинар уюштурду. Бул семинарды п.и.к., доцент Р.Абдуллаева өттү. Дипломдук иш жазууда илимий эмгектер менен иштөөнүн жолдору менен тааныштырды. Киришүүдө эмнелерге токтолот, теманын актуалдуулугун кантип аныктайт, максат, милдеттерин, практикалык маанилүүлүгүн, жоболорун коюу боюнча анализ жасалды. Корутундуда эмненин негизинде тыянак чыгарат, көлөмү боюнча багыт берилди. Семинар аябай кызыктуу жана пайдалуу болду.







«Илимий макаланын нормативдик негиздери» деген темада ф.и.к., доцент Н.Жапаров 27-мартта семинар өтүп берди. Семинарга 1-4- курстун студенттери жана ийрим мүчөлөрү катышты. Семинарда илимий макаланын темасын кантип тандайт, макаланын мазмуну, адабияттардын тизмеси эмнелерден турат жана катип жазуу керек деген маселелер каралды.

25-апрелде «Туура сүйлөө, туура жазуу» деген темада студенттердин туура сүйлөй алуусу жана туура жаза билүүсү бул сабаттуулуктун негизи экенин доцент К.Садыкова өзүнүн лекциясында түшүндүрүүгө аракет кылды.



